«Каралды»

ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинде

«27» 10 2025-жыл

«Бекитемин»

ОшМПУнун ректору, проф. Б.Б. Зулуев

«___» _____ 2025-жыл

Коррупциянын алдын алуу жана аны менен күрөшүү жана укук бузуулардын кесепеттерин азайтуу боюнча Комиссия жөнүндө

ЖОБО

Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жөнүндө" Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомдоруна негизделип Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде иштелип чыкты.

1. Жалпы негиздер

1.1. ОшМПУда коррупциянын алдын алуу боюнча комиссия (мындан ары комиссия) кеңешүү-кенеш берүүчү уюм болуп саналат:
Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасындагы коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы күрөшүү чаралары жөнүндө" Буйругунун аткарылышына ылайык ОшМПУда коррупциялык механизмдерди аныктоо, жок кылуу жана алдын алуу жолдору аркылуу билим берүү чөрөсүн жакшыртуу максатында түзүлгөн;

1.2. Комиссия өз ишмерүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык-укуктук актылары, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин укуктук-нормалык актылары, ОшМПУнун ректорунун буйруктары жана билдирүүлөрү, эл аралык келишимдер жана ушул жобону жетекчиликке алат.

2. Максаттар, милдеттер жана функциялар.

2.1. Комиссиянын негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

ОшМПУда билим сапатын төмөндөткөн, коррупцияны пайда кылган себептерди жана шарттардын алдын алуу жана жок кылуу боюнча натыйжалуу чараларды кабыл алуу;

Коррупциянын деңгээлин төмөндөтүүнүн жана анын себептерин жок кылууну ишке ашырууга багытталган иш чараларды иштеп чыгуу. Студенттерди жана ата-энелерди ОшМПУнун бюджетинин отчёттуулугун, ачыктыгын сактоо боюнча коомдук көзөмөлдү ишке ашыруу.

ОшМПУнун комиссиясы тарабынан түзүлүп бекитилген Коррупциянын алдын алуу боюнча түзүлгөн иш планын турмушка ашыруу.

2.2. Комиссиянын милдеттери жана аткарылуучу кызматтары:

- Коррупцияга каршы күрөшүү тармагында бирдиктүү мамлекттик саясаттын негизинде комиссиянын ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;

- ОшМПУда билим берүү чөрөсүнүн жакшыруусуна багытталган коррупцияга каршы иш-чараларды даярдоого жана ишке ашырууга көмөктөшүү;

- Комиссиянын сунуштарын жана суроо-талаптарын аткаруу мониторингин жүргүзүү;

- Билим бүрүүнү өркүндөтүүгө багытталган Кыргыз Республикасынын мыйзамдык-укуктук актыларынын таасир этүүсүн изилдөө, талдоо жүргүзүү жана баалоо;

- ОшМПУда коррупция менен күрошүү тармагында антикоррупциялык саясатты өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- Коррупциянын пайда болушуна жана өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн шарттарды жок кылуу боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу;

- ОшМПУда коррупция менен курөшүү көйгөйүнүн ар түрдүү аспектилери боюнча студенттерге, студенттердин ата-энелерине, жертекчиликке жана кызматкерлерге кеңеш берүү;

- Коррупцияга каршы күрөшүү маселелери боюнча үгүттөө, агартуу иштерин жүргүзүү;

- Студенттердин пикирин эске алуу менен коррупциялык механизмдерди иштеп чыгуу жана коррупциянын деңгээлин аныктоо боюнча сурамжылоолорду жүргүзүү;

- ОшМПУнун студенттик коомчулугу менен жетекчиликтин ортосунда диологду жакшыртуу;

- Билим берүү системасында коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү боюнча студенттик өзүн-өзү башкаруу түзүлүшүнүн ишин жакшыртуудагы көйгөйлөрдү карап чыгуу;

- Комиссиянын чогулуштарында коррупциялык мыйзам бузуулар, мындай фактыларды изилдөө жана аныктоонун методдорун карап чыгуу;

3. Ыйгарым укуктар же кызматтык милдеттер

3.1. Комиссия төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- ОшМПУнун жетекчилигинен жана структуралык бөлүмдөрдөн белгиленген тартипте керектүү материалдарды жана маалыматтарды сурап алуу;

- ОшМПУда билим берүүнү жакшыртуу үчүн коррупциянын алдын алуу жана коррупцияга каршы күрөшүү жаатында сунуштарды берүү;

- ОшМПУда коррупциялык көрүнүштүн алдын алуу жана күрөш жүргүзүү боюнча иштерди карап чыгуу;

- ОшМПУда жүргүзүлгөн антикоррупциялык чаралардын натыйжалуулугун баалоо;

- Комиссиянын жылдык иш планын бекитүү;

- ОшМПУнун бюджеттик долбоорун даярдоого катышуу;

- ОшМПУнун бюджетин талкуулоого катышуу;

- Окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамынын ичинен жооптуу адамдарды коррупциянын алдын алуу жана күрөшүү иштерине тартуу ректорго сунуш кылуу;

- Жасалган иштер тууралуу жооптуу адамдардын отчётун (билдирүүсүн) угуу;

- Комиссиянын компетенциясына кирген көйгөйлүү суроолорду жана бөлөк тапшырмаларды даярдоо жана карoo, кеңеш берүү үчүн белгиленген тартипте көз карандысыз адистерди тартуу;

- ОшМПУнун жетекчилиги кабыл алган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө жана жобонун талаптарын аткарылышын сактоо;

- Окуу жайдын бюджетинин максаттуу бөлүштүрүлүшү боюнча отчётту угуу;

- Комиссиянын төрагасын, анын орун басарын жана катчысын шайлоо, алардын милдеттеринен бошотуу, чечимдерди кабыл алуу жана жокко чыгаруу;

- Кыргыз Республикасынын майзамдарына каршы келген комиссиянын төрагасынын чечимдерин жокко чыгаруу;

- Окуу жайда коррупциялык көрүнүштөр туралуу кайрылган профессордук-окутуучулук курамды, кызматкерлерди жана студенттердин ата-энелерин кабыл алуу;

- ОшМПУнун жетекчилигинин эскертүүлөрүн жана сунуштарын талкуулоо, мамлекеттик органдардан, граждандык коомдон, эл аралык жана комерциялык эмес уюмдардан коррупциянын алдын алуу жана күрөшүү боюнча ОшМПУга жөнөүлгөн аналитикалык отчёттордун, сунуштардын жыйынтыктарын талкуулоо;

4. Комиссиянын ишин уюштуруу.

4.1. Комиссиянын чогулуштары зарыл болгон учурда , бирок квартал ичинде бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Комиссиянын кезексиз чакырылышы комиссиянын төрагасынын же комиссиянын көпчүлүк мүчөлөрүнүн демилгеси боюнча өткөрүлүшү мүмкүн;

4.2. Эгер комиссиянын курамынын 2/3 бөлүгү катышса, комиссиянын чогулушу мыйзамдуу деп эсептелет.

4.3. Комиссиянын чогулушунун күн тартиби окуу жылындагы иш план менен бирдикте түзүлөт. Зарыл болгон учурда комиссиянын мүчөлөрү күн тартибине кошумча маселелерди киргизүүнү сунуш кылышы мүмкүн;

4.4. Комиссиянын чечимдери комиссиянын чогулушунда катышкан мүчөлөрдүн ачык шайлоосу аркылуу аныкталган көпчүлүк добушу менен кабыл алынат;

4.5. Комиссиянын чечимдери сунуш берүү мүнөзүндө болот жана комиссиянын төрагасынын колу коюлган токтому менен бекитилет. Эгер комиссиянын төрагасы жок болуп калса, комиссиянын төрагасынын орун басары жана комиссиянын катчысы токтомго кол коёт.

4.6. Комиссиянын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген учурда жокко чыгарылат. Комиссиянын бардык чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына дал келип, билгиленген тиртипте иштелип чыгат;

4.7. Комиссия кызыктар тараптарга чогулуш боло турган күндүн мөөнөтүн, чогулушта күн тартибинде каралуучу маселелер тууралуу алдын ала билдирүү берүүгө, чогулушка кызыктар тараптарды катыштырууга, ошондой эле кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтарды өз убагында берүүгө милдеттүү.

4.8. Комиссия мүчөлөрү өздөрүнүн кызматтык милдеттерин үчүнчү жактарга бере албайт;

4.9. Комиссия ар жылы ОшМПУнун кеңешине отчёт берип турат;

4.10. Комиссия билим берүү системасына коррупциянын деңгээлин баалоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн жасалган иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин талабы боюнча маалымат берет;

4.11. Комиссиянын уюштуруу – усулдук жана техникалык камсыздоо ишмердүүлүгүн ОшМПУ жүргүзөт;

4.12. Комиссиянын ишмердүүлүгүн каржылоо коомдук башталышта жүргүзүлөт, эгер мүмкүнчүлүк болсо ОшМПУнун каражатынын эсебинен болот.

5. Комиссиянын курамы жана куралуу принциптери.

5.1. Комиссиянын курамы ОшМПУнун студенттери, студенттердин ата-энелери, профессордук-окутуучулук курам жана коомдук уюмдун өкүлдөрүнөн түзүлүшү мүмкүн;

5.2. Комиссиянын курамы ОшМПУнун Окумуштуулар кеңеши аркылуу шайланат жана окуу жайдын ректору аркылуу бекитилет.

5.3. Комиссиянын курамы 7 адамдан турат: комиссиянын төрагасы, анын орун басары, катчы жана комиссиянын мүчөлөрү.

5.4. Комиссиянын бардык мүчөлөрү чогулуштарга катышууга милдеттүү.

5.5. Комиссиянын талаптарын жана жобону аткарбаган комиссия мүчөсү комиссия мүчөлөрүнүн бодуш берүүсү аркылуу комиссиянын курамынан четтетилет.

6. Комиссиянын төрагасы.

6.1. Комиссиянын төрагасы сөзсүз түрдө комиссияны жетектейт (ал жок болуп калган учурда орун басары анын милдетин аткарат).

6.2. Комиссиянын ишин уюштурат жана комиссиянын чогулушунун мөөнөтүн аныктайт.

6.3. Чогулуштун күн тартибинде каралуучу маселелер боюнча материалдарды комиссия мүчолөрүнө берүү тартибин жана мөөнөтүн аныктайт.

6.4. Чогулуштун күн тартибинде каралуучу маселелерди талкуулоо үчүн материалдарды даярдоо тууралуу тапшырма берет.